КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ӨЗГӨН РАЙОНУ
САЛАМ-АЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЗГЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САЛАМ-АЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги 3-сессиясынын

ТОКТОМУ

2026-жылдын 23-июлундагы №34 Салам-Алик айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү А.Б.Кенжебаев Салам-Алик айыл өкмөтүнүн тургундары менен болгон жыйында эл тарабынан көтөрүлгөн көйгөйлүү маселелерди чечүү үчүн Ош облустук өнүктүрүү фондунан акча каражатын бөлүп берүү боюнча берген убадасынын негизинде төрт долбоорду сунуштоо жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 90-жана 92-беренелерин жетекчиликке алып, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аймагындагы көйгөйлүү маселелерди чечүү үчүн Ош облустук өнүктүрүү фндуна төрт долбоорду сунуштоо боюнча айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын маалыматын угуп Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин депутаттары карап талкуулап, Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат.**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү А.Б.Кенжебаев, Салам-Алик айыл өкмөтүнүн тургундары менен болгон жолугуушуда эл тарабынан көтөрүлгөн көйгөйлүү маселелерди чечүү үчүн Ош облустук өнүктүрүү фондунан акча каржатын бөлүп берүү боюнча берген убадасынын негизинде төмөндөгү төрт долбоор сунушталсын.

1).Салам-Алик айылынын 55га сугат жерине суу чыгарыш үчүн ички чарбалык каналына АР-80 тибиндеги бетон лоток арыктарды сатып алып орнотуу үчүн 335140(үч жүз отуз беш миң бир жүз кырк) сом акча каражатын бөлдүрүүгө Ош облустук өнүктүрүү фондуна сунушталсын
2).Кош-Этер айылына электр мамыча чубалгыларын сатып алып орнотууга 758000(жети жүз элүү сегиз миң) сом акча каражатын бөлдүрүүгө Ош облустук өнүктүрүү фондуна сунушталсын
3). 15-Жаш айылынын күн батыш тарабындагы жолду асфалттоого, Ош облустук өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланып жаткан 3000000 (үч млн.) сом акча каражаты, 15-Жаш айылынын элдин үлүштүк сугат жерлерин сугат суу менен камсыздоого жана айыл өкмөтүнүн айылынын ички көчөлөрүнө шагыл төшөө үчүн жумшоо жагы белгиленсин.
4).Кызыл-Чарба айылына бала бакча куруу үчүн долбооруна (ПСД) жасатууга акча каражатын бөлдүрүүгө Ош облустук өнүктүрүү фондуна сунушталсын

2.Бул токтомдон келип чыккан иш аракеттердин аткарылышын камсыз кылуу жагы Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБнун башчысы Ж.Нуралиевке тапшырылсын.